АИЫЛ МЕКТЕПТЕРИНИН КЛАСС ЖЕТЕКЧИЛЕРДИН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨРҮ

Сияев Т.М.[1], Таштанов А.А.[2]

Сияев Таштанбек Моңолдорович - п.и.д., профессор, С. Нааматов ат. НМУ, Нарын ш.;
Таштанов А.А. - окутуучу, ЖАМУ, Жалал-Абад ш.

Аннотация Бул эмгекте айыл мектептеринин айрым маселери класс жетекчилердин арасындагы социологиялык изилдөөнүн анализинин негизде берилди. Социологиялык изилдө Чүй, Жалал-Абад жана Нарын облусундагы айыл мектептеринде жүргүзүлдү.

Түйүндүү сөздөр: айыл мектептери, класс жетекчи, социологиялык сурамжылоо, анкета

Айыл мектептердеги педагогикалык процессте орун алган маселелерди аныктоо максатында айыл мектептеринин класс жетекчилердин арасында анкета жүргүзүлдү. Алгач ар бир катышуу менен пикир алмашуу орун алды. Анда анкета жүргүзүүнүн жалпы максаттарды, анкетаны толтуруунун методдору талкууланды. Анкета толугу менен дарексиз болду жана аны ар бир класс жетекчи өз алдынча толтурду. 1 - чи таблицада анкетага катышкан жалпы респонденттер боюнча маалымат берилди.

1-таблица. Респонденттердин бөлүнүшү

№	Регион	Респонденттердин саны
1	Чүй облусу	103
2	Жалал - Абад облусу	112
3	Нарын облусу	97
Жалпы		312

Анкетанын алгачкы төрт суроосу статистикалык маалыматтарды жыйноого багытталган. Анкетанын жыйынтыгы Чүй, Жалал-Абад, Нарын облусундагы орто мектептин класс жетекчи болуп иштеген мугалимдердин сурамжылоосун жалпылаштыргандан кийин алынды.

Анкетага катышкан мугалимдердин жаш курактык бөлүнүшү таблица 2 де берилди.

2-таблица. Класс жетекчилердин жаш курактык бөлүнүшү

катышкандар	Жаш курактыгы				
	25 жылга чейин	26-35 жаш	36-45 жаш	46-55 жаш	55 жаштан өйдө
саны	11	73	94	110	24
үлүшү %	3,4	23,5	30,0	35,4	7,7

Анкетанын жыйынтыгы көрсөтүп тургандай класс жетекчилердин басымдуу көпчүлүгү 36 жаштан жогору болгон категорияга кирип калышты.

Анкетанын экинчи суроосу гендердик маселеге арналган. Анкетага катышкандардын басымдуу көпчүлүгү аялдар болуп чыкты.

3 -таблица.Класс жетекчилердин жыныстык бөлүнүшү

катышкандар	эркек	аял
саны	9	303
үлүшү % менен	3	97

Анкетанын кийинки суроосу класс жетекчилердин педагогикалык тажрыйбасын аныктоого багытталган. Класс жетекчилердин педагогикалык тажрыйбасы боюнча маалымат 4-чү таблицада көрсөтүлдү.

4-таблица. Класс жетекчилердин педагогикалык тажрыйбасы

катышкандар	Педагогикалык тажрыйбасы				
	2 жылга чейин	2-5	6-10	11-15	15 өйдө
сан менен	25	37	71	32	147
үлүшү % менен	8,2	11,8	22,8	10,1	47,1

Таблицада көрүнүп тургандай педагогикалык тажрыйбасы 5 жылдан ашпаган класс жетекчилер болгону 20 % түзөт. Демек, класс жетекчи болуп иштеп жаткан мугалимдер коп жылдык тажрыйбага ээ болгон педагогдор болуп саналат.

Азыркы мезгилде мугалимдерди мектептерде класс жетекчи катары бекитүүнүн аныкталган жалпы критерийлери жок. Бул багытта респонденттерге кандай мугалим класс жетекчи болушу керек деген суроо берилген. Анкетанын жыйынтыгы 6 чы таблицада берилди

5-таблица. Класс жетекчинин бекитилиши

катышкандар	варианттар				
	предмет боюнча мугалим	бош класс жетекчи (тарбиячы)	параллель класстардын куратору	бош психолог	дагы ким (көрсөтүнүз)
сан менен	203	80	9	9	11
үлүшү % менен	65,2	25,6	2,8	2,6	3,8

Мектептин негизги милдеттеринин бири тынымсыз, үлгүлтүксүз таалим-тарбия ишин жүргүзүү болуп саналат. Өз учурунда тарбиялоо ишмердүүлүгүн натыйжасы мектеп администрациясынын класс жетекчилердин ишмердүүлүгүн жүрүшүнөн көз каранды. Анкетага катышкан ар бир класс жетекчи өзүнүн мектебинде тарбиялоо процессине болгон мамилеси жөнүндө маалыматты толтурду. Анкетанын жыйынтыгы 6-чы таблицада берилди.

6- таблица. Тарбиялоо процесинин жүрүшү

Ишмердүүлүктүн түрү	Системалуу (дайыма)	Айрым учурда
	үлүшү % менен	
Класстын иш кагаздарын жүргүзүү	88, 4	11,6
Окуучулардын окуу ишмердигине көзөмөл жүргүзүү	89, 2	10,8
Класстык сааттарды өткөрүү	81,7	118,3
Окуучуларды иликтөө, диагностика жүргүзүү	62,3	37,7
Айрым окуучулар менен жеке иш алып баруу	58,7	41,3
Мектептин иш чараларына, ар кандай иштерине катышуу үчүн классты уюштуруу	57,3	42,7
Предмет боюнча мугалимдер менен иш алып баруу	63,2	36,8
Ата-энелер жыйналышын өткөрүү	64,0	36
Ата-энелер менен жеке иш алып баруу (үйлөрүнө баруу)	47,5	52,5

Класстагы дежурлукту уюштуруу	87,8	12,2
Мектептеги дежурлукту уюштуруу	72,1	27,9
Окуучулардын тамактануусун уюштуруу	62,8	37,2
Класстагы өзүн өзү башкарууну уюштуруу	79,4	20,6
Класстагы иш чараларды, майрамдарды уюштуруу	59,2	40,8

Анкетанын жыйынтыгы көрсөтүп тургандай тарбиялоо багытындагы айрым бир ишмердүүлүктөр (мисалы, класстын иш кагаздарын жүргүзүү, окуучулардын окуу ишмердигине көзөмөл жүргүзүү, класстагы дежурлукту уюштуруу жана башкалар) системалуу турдө орун алса, ошол эле учурда айрым бир багыттагы ишмердүүлүктөр анда-санда гана жүрөөрү белгилүү болду.

Азыркы мезгилде педагогикалык теориялар, алардын практикалык аспектилери тынымсыз өзгөрүүдө. Ушундан улам, мектептеги класс жетекчилер үчүн ар түрдүү стандарттык эмес жагдайлар түзүлүп турат. Ошондуктан, анкетага катышкан класс жетекчилерден татаал жагдайды чечүү үчүн кимге кайрыласыз деген суроо берилген. Анкетанын жыйынтыгы 7-чи таблицада берилди.

7- таблица. Класс жетекчинин насаатчылары

катышкандар	варианттар				
	мектеп психологу	социалдык педагог	мектептин администрациясы	мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча усулдук борбордун адиси	башка (көрсөткүлө)
сан	56	62	123	56	15
үлүшү % менен	18,1	20,0	39,3	17,9	4,7

Анкетанын жыйынтыгынан класс жетекчилер кандайдыр бир пайда болгон тарбиялоо маселесин чечүү үчүн биринчи ирээт мектеп администрациясына жана социалдык педагогго кайрылуусу белгиленди. Анкетага катышкан класс жетекчилер көрсөтүлгөн варианттардан тышкары башка мектептердин класс жетекчилерине, коопсуздук кызматкерге, чет элдик воленторлорго кайрыла тургандыгын билдиришкен.

Класс жетекчилер тарбия ишмердүүлүгүн натыйжалуу жүргүзүү үчүн өзүнүн негизги аракеттенүүсүнүн приоритеттүү түрлөрүн аныктап алышы керек. Анкета жүргүзүүдө класс жетекчилерге тарбия ишмердүүлүгүнүн рангысын аныктоо сунушталган. Бардык респонденттердин пикирлерин жалпылоо менен тарбиялоо ишмердүүлүгүнүн рангысы 8-чи таблицада берилди.

8-таблица. Тарбия ишмердүүлүгүнүн рангысы

№	Иштин түрү	Ранг
1	уюштуруучулук иштер	2
2	түздөн түз окуучулар менен иштөө	1
3	иш кагаздары менен иштөө	3
4	чоңдор менен иштөө (ата-энелер, администрация, предмет боюнча мугалим)	4
5	маалымат каражаттарынын өкүлдөрү, коомчулук менен иштөө	5

Анкетага катышкан класс жетекчилердин басымдуу көпчүлүгү тарбия ишмердүүлүгүндө эң негизги багыт катарытүздөн-түз окуучулар менен иштөөнү көрсөтүштү. Ал эми тарбиялоодо уюштуруу иштери экинчи ранг болсо, үчүнчү рангиш кагаздары менен иштөө көрсөтүлдү.

Азыркы педагогика илиминин теориясына ылайык класс жетекчинин негизги функциялары аналитиканы жүргүзүү,алдын-ала байкоону жасоо, уюштуруу-координациялоо жана коммуникативдик аракеттери кабыл алынган. Анкетаныжүргүзүүдө

ар бир класс жетекчилерге өздөрүнүн негизги функцияларын аткаруу деңгээлдерин аныктоо сунушталган. Анкетанын маалыматтарынын жалпыланышы 9-чу таблицада берилди.

9- таблица.Класс жетекчилердик кесиптик даярдыгынын деңгээлдери

	Аткарылууну функциялар боюнча ишмердиктин түрү	*Өтө жогору*	*Жогору*	*Нормага туура келет*	*Төмөн*	*Өтө төмөн*
		+ +	+	0	-	- -
1	Аналитикалык функция					
.	Окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруу, саны	39	95	128	30	19
	үлүшү % менен	12,4	30,6	41,2	9,6	6,2
	Класстын жамаатынын өзгөчөлүгүн жана өнүгүү динамикасын аныктоо, саны	27	106	125	39	15
	үлүшү % менен	8,6	34,1	40,1	12,1	4,9
1.3.	Ар бир окуучунун үй бүлөдөгү тарбиясын, абалын талдоо, иликтөө, саны	34	73	142	42	21
	үлүшү % менен	11,0	23,5	45,5	13,3	6,7
1.4	Класстагы окуучуга мектеп чөйрөсүнүн жана жакынкы социумдун таасирин иликтөө жана талдоо, саны	10	54	189	42	17
	үлүшү % менен	3,1	17,3	60,5	13,5	5,6
1.5	Педагогикалык жамааттын тарбия берүү мүмкүнчүлүгүн талдоо, саны	11	93	140	43	25
	үлүшү % менен	3,8	29,8	44,7	13,8	7,9
	орточосу, саны	24	85	145	39	19
	үлүшү % менен	7,8	27,1	46,4	12,5	6,2
2	Алдын ала байкоо функциясы					
2.1.	Жеке окуучунун тарбиясынын деңгээлин жана жеке өнүгүүсүн алдын ала болжолдоо жана класстын жамаатынын калыптануу этаптарын болжолдоо, саны	21	86	143	39	23
	үлүшү % менен	6,8	27,7	46,0	12,2	7,3
2.2.	Тарбия берүү ишмердигинин натыйжаларын алдын ала болжолдоо, саны	35	92	122	39	24
	үлүшү % менен	11,1	29,6	39,1	12,3	7,9

2.3	Мектептин тарбия берүү системасына ылайык класстагы тарбия иштеринин моделин түзүү, саны	36	81	105	65	25
	үлүшү % менен	11,7	25,9	33,8	20,8	7,8
2.4.	Жеке окуучулардын жана жалпы класстын жакынкы, алыскы турмуштук жана өнүгүү ишмердигинин перспективаларын аныктоо, саны	8	64	162	49	29
	үлүшү % менен	2,7	20,4	51,9	15,5	9,5
2.5.	Класстын жамаатынын мамилелердин жыйынтыктарын алдын ала көрө билүү, саны					
	үлүшү % менен	10,9	31,2	37,6	12,2	8,1
	орточосу, саны	25	84	130	47	26
	үлүшү % менен	8,6	26,9	41,6	14,6	8,3
3.	Уюштуруу-координациялоо	функциясы				
3.1.	Класстын жамаатын калыптандыруу жана класстагы окуучулардын ар түрдүү ишмердигин уюштуруу, түрткү берүү, саны	51	99	88	49	25
	үлүшү % менен	16,3	31,7	28,4	15,4	8,2
3.2.	Окуучулардын коомдук маанилүү иштерин пландаштырууга жардам берүү жана уюштуруу, окуучулардын өзүн өзү башкаруу иштерин уюштурууга көмөктөшүү, саны	55	90	109	35	23
	үлүшү % менен	17,7	28,8	35,0	11,1	7,2
3.3.	Үй бүлө жана мектеп, мектеп жана социум байланыштарын колдоо, саны	34	85	121	49	23
	үлүшү % менен	10,9	27,3	38,7	15,8	7,3

3.4	Окуучулардын мектепте жана андан тышкары кошумча билим алуусуна көмөктөшүү, саны	19	61	167	46	19
	үлүшү % менен	6,3	19,5	53,4	14,5	6,3
	орточосу, саны	40	84	121	45	22
	үлүшү % менен	12,8	26,8	38,9	14,2	7,3
4	Коммуникативдик функция					
4.1	Окуучулардын арасында, окуучулар менен чоңдордун арасында өз ара мамилени өнүктүрүү жана жөнгө салуу, саны	14	94	142	43	19
	үлүшү % менен	4,7	30,1	45,4	14,0	5,8
4.2	Жамаатка көнүшүүгө (адаптация) ар бир окуучуга жардам берүү, саны	12	63	162	47	28
	үлүшү % менен	3,7	20,2	52,1	14,9	9,1
4.3	Жамаат ичинде, ар бир окуучу үчүн жагымдуу абал-шарт түзүүгө көмөктөшүү, саны	15	113	108	49	27
	үлүшү % менен	4,7	36,3	34,9	15,5	8,6
4.4	Окуучуларга башка окуучулар менен, социум менен мамиле түзүүгө жардам берүү, саны	12	92	115	62	31
	үлүшү % менен	3,8	29,3	37,1	19,7	10,1
	орточосу, саны	13	92	131	49	27
	үлүшү % менен	4,2	28,9	42,3	16,0	8,6

Анкета жүргүзүүнүн жыйынтыктарынын анализи көрсөтүп тургандай негизинен алганда класс жетекчилер тарбиялоо ишмердүүлүгүндө ага жүктөлгөн функционалдык талаптарга туура келишет. Бирок, айрым бир функционалдык милдеттерди аткарууда кыйынчылыктарга дуушар болору белгиленди. Алсак, алдын-ала байкоо функциясынын курамдык бөлүгү болгон мектептин тарбия берүү системасына ылайык класстагы тарбия иштеринин моделин түзүү милдетинде кесиптик даярдыгы төмөн класс жетекчилер 20,8 % ти, ага кошумча даярдыгы өтө төмөн класс жетекчилер 7,8 % ти түзүшөт. Мындан тышкары, класс жетекчилердин коммуникативдик функциянын бир бөлүгү болгон окуучуларга башка окуучулар менен, социум менен мамиле түзүүгө жардам берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө даярдыгы төмөн класс жетекчилер 19,7 % ти, ага кошумча даярдыгы өтө төмөн класс жетекчилер 10,1 % ти түзүшөт.

Мектептеги класс жетекчи тарбиялоо процессинде ар түрдүү кырдаалдардан улам практикалык жана методикалык кыйынчылыкка учурашат. Анкета жүргүзүүдө класс жетекчилерге кездешүүчү кыйынчылыктарды деңгээлдерге ажыратуу сунушталган. Анкета жүргүзүүнүн жыйынтыгы 10 чу таблицада көрсөтүлдү.

10 -таблица. Кыйынчылыктарды деңгээлдери

№	Ишмердиктин багыты	Кыйынчылыктардын деңгээли		
		Ишке ашпайт, өтө татаал	Абдан татаал	Татаал

1	Тарбия иштеринин максатын жана милдетин аныктай билүү, саны	25	57	230
	үлүшү % менен	7,9	18,4	73,7
2	Тарбия берүү иштеринин натыйжалуу формаларын тандоо, саны	22	86	204
	үлүшү % менен	6,9	27,6	65,5
3	Заманбап тарбия берүү технологияларын билүү, саны	29	85	198
	үлүшү % менен	9,3	27,2	63,5
4	Иштөөнүн инновациялык формаларын практикага киргизүү, колдонуу, саны	42	68	202
	үлүшү % менен	13,2	21,9	64,9
5	Балдардын курактык психологиясын билүү, саны	15	49	248
	үлүшү % менен	4,8	15,5	79,7
6	Ата энелер менен иштөө методикасын жана технологиясын билүү, саны	26	52	234
	үлүшү % менен	8,2	16,5	75,3
7	Окуучулар менен жекече иштөө, саны	9	55	248
	үлүшү % менен	2,9	17,4	79,7
8	Таланттуу балдар менен иштөөнүн натыйжалуу формаларын билүү, саны	37	66	209
	үлүшү % менен	12,1	20,9	67,0
9	Балдардын жалпы мектептин иш чараларына катышуусун уюштуруу	26	51	235
	үлүшү % менен	8,2	16,5	75,3
10	Конфликтүү кырдаалдарды чече билүү, саны			
	үлүшү % менен	15,5	32,9	51,6
11	Тарбиялуулуктун деңгээлине диагностика жүргүзүү жана аныктоо, саны			
	үлүшү % менен	15,1	29,3	55,6

Анкета жүргүзүүнүн жыйынтыктары көрсөтүп тургандай азыркы класс жетекчилер үчүн төмөнкү ишмердүүлүктөрдү аткарууда чечилбей турган кыйынчылыктарга дуушар болору белгиленди: конфликтүү кырдаалдарды чече билүү, тарбиялуулуктун деңгээлине диагностика жүргүзүү жана аныктоо, иштөөнүн инновациялык формаларын практикага киргизүү, колдонуу жана таланттуу балдар менен иштөөнүн натыйжалуу формаларын билүү.

Анкета жүргүзүү учурунда класс жетекчилер менен пикирлешүү учурунда тарбиялоо процессинин теориясы жана практикасы боюнча компетенттүүлүктү өркүндөтүү курстары зарыл экендигин белгилешти. Ушундан улам анкетага катышуучуларга компетенттүүлүктү жогорулатуу курстарына кандай формага артыкчылыкты берээрин аныктоо сунушталган. Анкетанын жыйынтыктарынын анализи 11 чи таблицада берилди.

11-таблица.Кесиптик компетенттүүлүктү жогорулатуу курстарында формалардын рангы

№	*формалар*	*Ранг*
1	Өз алдынча билим алууга	2
2	Практикага багытталган семинарларга	1
3	Атайын тренингдер	4
4	Мастер-класстар	5

5	Чыгармачылык лабораториялар	7
6	Устаттын өзүнчө жеке жардамы	3
7	Жаш адистин мектеби	6
8	Башкалары (кошуп жазыңыз)1п1ете1	8

Анкетага катышкан класс жетекчилердин пикирине ылайык компетенттүүлүктү жогорулатуу курстарында натыйжалуу форма - бул практикага багытталган семинар. Андан кийинки катарларды өз алдынча билүү алуу, устаттын өзүнчө жеке жардамы жана атайын тренинг көрсөтүлдү.

Класс жетекчилердин компететтүүлүгүн жогорулатуу курсун өткөрүү үчүн ал курстун мазмунун жана түзүлүшүн аныктоо керек. Бул максатта, анкетага катышуучуларга компетенттүүлүктү жогорулатуу үчүн тогуз багыт көрсөтүлүп, алардын рангысы аныктоо сунушталган. Анкета жүргүзүүнүн маалыматтары жалпыланып, 11 -таблицада берилди.

11-таблица .Курстагы багыттардын рангысы

№	*багыттар*	*Ранг*
1	Тарбия иштеринин типтери жана түрлөрү	4
2	Тарбиялоо методдору жана аны билим берүү процессине натыйжалуу колдонуу	1
3	Тарбия иштерин жигердентүүнүн ыкмалары	2
4	Тарбия иштерине диагностика жана көзөмөл жүргүзүү	5
5	Ар кайсы курактагы окуучулардын психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрү	6
6	Конфликттүү кырдаалдарды жөнгө салуу жана чечүү	7
7	Ата-энелер менен иштөөнүн формалары	3
8	Коомдук уюмдар менен иштөөнүн формалары	8

Класс жетекчилердин пикири боюнча тарбиялоо методдорун натыйжалуу колдонуунун аспектилери биринчи ирээтте өтүшү зарыл деп эсептешти. Андан кийинки рангдар - бул тарбия иштерин жигерденттүүнүн ыкмалары жана ата-энелер менен иштөөнүн формалары болуп калды.

Анкета жүргүзүүнүн аягында класс жетекчилерге тарбиялоо ишмердүүлүгүн компетенттүүлүгүн деңгээлин аныктоо сунушталды. Анкетанын жыйынтыктары жалпылануу менен 12 чи таблицада көрсөтүлдү.

Таблица 12. Класс жетекчилердин компетентентүүлүгүн деңгээлдери

№	*Компетенттүүлүктүн курамдык бөлүктөрү*	*Өтө жогору*	*Жогору*	*Нормага туура келет*	*Төмөн*	*Өтө төмөн*
		+ +	+	0	-	- -
1	*Нормативдик-укуктук компетентүүлүк, саны*	24	86	142	36	24
	үлүшү % менен	7,9	27,6	45, 4	11,2	7,9
2	*Аналитикалык компетенттүүлүк*	9	51	186	45	21
	үлүшү % менен	2,9	16,6	59,7	14,3	6,5
3	*Ден соолукту коргоо компетенттүүлүгү*	20	77	165	33	17
	үлүшү % менен	6,5	24,7	53,1	10,3	5,4
4	*Социомаданий компетенттүүлүк*	23	52	156	52	29
	үлүшү % менен	7,4	16,7	50,1	16,2	9,6
5	*Социалдык-педагогикалык компетенттүүлүк*	15	35	182	49	31
	үлүшү % менен	5,1	11,1	58,5	15,2	10,1

Анкетанын жыйынтыгы көрсөтүп тургандай, анкетага катышкан класс жетекчилердин жырым болүгү өздөрүнүн компетенттүүлүгү тиешелүү деңгээлде деп эсептешти. Бирок, социомаданий жана социалдык-педагогикалык компетенттүүлүк боюнча нормадан төмөнкү жана өтө төмөнкү деңгээлдеги класс жетекчилер дээрлик жыйырма проценттик бөлүктү түздү. Демек, азыркы мезгилдин класс жетекчилери сөзсүз түрдө тарбиялоо багытында компетенттүүлүктү жогорулатуусу абзел.